# Бишкек шаарындагы №46 жалпы орто билим берүү мектебинин «Аймактарды өнүктүрүү жана мамлекетти санариптештирүү» жылында аткарылган иш - чаралардын отчету

**2019-жыл “Айыл аймактарды өнүктүрүү жана мектептерди санариптештирүү” жылына карата Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу №46 жалпы билим берүү орто мектебинде аткарылган иштердин**

# ОТЧЕТУ

2019-жыл “Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү” жылына карата №46 жалпы билим берүү орто мектебинде бир жылдык аткарылуучу иштердин планы түзүлүп, президентибиз Сооронбай Жээнбековдун 2019-жылды “Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгы, Билим берүү башкармалыгынын, Свердлов райондук билим берүү борборунун буйругунун негизинде мектептин буйругу түзүлүп, 2019-жылдын январь айында өткөрүлгөн жыйында мектеп директору Сматова Гулнара Шаршеналиевна **президент Сооронбай Жээнбековдун 2019-жыл “Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” жарлыгы жана мектептин буйругу менен мугалимдерди тааныштырды.**

«Келечек жаштардын колунда» демекчи, мектепке окуучу болуп келгенден тартып, жакшы билим берип, келечекке жана бир кесиптин ээси болушуна кадам таштатып үндөгөн бул,- мектеп. 2019-жылды президентибиз Сооронбай Жээнбеков «Айыл аймактарды өнүктүрүү жана мектептерди санаритештирүү» жылы деп жарыялаган. Азыркы учурда техника өнүгүп, заман өзгөргөн. “Санариптештирүү” түшүнүгү жана санариптештирүүнүн коомдун өнүгүүсүндөгү ролу менен окуучуларды тааныштыруу максатында 2-сентябрь Билим күнүнө карата 1-11-класстын окуучуларына «Менин досум-компьютер” деген темада ачык класстык сааттар, 9-11-класстарда “Санарип технологиялары адамдын турмушунда” темада дил баяндар сынагы өткөрүлүп, мектептин чоң залында маалымат такта уюштурулду.

Мектептин залдарында видео көзөмөл орнотулган. Мындан сырткары “Доступная школа” деген доолбордун негизинде мектепке турникет орнотулган. Окуучулар электрондук карточкалар менен кирип чыгышат. Видео көзөмөлдөрдүн, электрондук карточкалар (чиптер) менен кирип чыгуунун негизги натыйжасы, окуучулардын сабактан кечигүүсүн, сабак өтүлүп жаткан учурда бейчеки басып жүргөндөрдү көзөмөлгө алуу менен бирге тартипке салуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Быйылкы жылдан бир нече кабинетке интерактивдүү доскалар орнотулуп, мугалимдерге заманбап технологиялар менен сабак өтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Мектептин усулдук кабинетине «Акнет» компаниясы тарабынан интернет орнотулду

Мектептин компьютердик кабинетине кошумча 4 комплект компьютер алынып келинди.

Мектептин китепканасында ар кандай иш-чаралар, конкурстар өткөрүлдү

Жалпы ата-энелер чогулушунда региондорду өнүктүү жана санариптештирүү боюнча аткарылган иштер жана иш чаралар менен таанышышты.

Окуучулар заманбап технологияларды пайдалануу менен биргеликте 10-А классы жана класс жетекчиси Каджибекова Э.К “Менин сүйүктүү шаарым” деген темада жаңы жылдык куттуктоо видеоролик тартып Бишкек шаардык мэриясы тарабынан 5000 сомдук сертификатына татыктуу болушту.

Мектептин социалдык педагогу Эшимбаева Б.5-б орус тилдүү класстары менен бирге Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына арналган чакан видеоролик тартып, шаардык сынакка катышып, улуттук теле берүүсүндө көргөзүүгө жолдомо алышткан. Шаардык сынакта 2 орунга татыктуу болуп, ардак грамоталар менен сыйланышты.

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн маалыматын толук билүү максатында маалымат базасы түзүлдү.

ОТИ боюнча директордун орун басары Жайнакова Б.Ж. жалпы мектептин окуучуларынын жана бардык кызматкерлеринин маалымат базасын түзүп чыкты.

Окуучулардын электрондук билетированиесин соц.педагог Эшимбаева Б. даярдоого берди.

1-класстын окуучулары электрондук каттоо менен мектепке кабыл алынды.

**Директор** **Г.Ш.Сматова**